**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Н. ИСАНОВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК КУРУЛУШ ТРАНСПОРТ жана АРХИТЕКТУРА УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б.Н. ЕЛЬЦИН атындагы**
**КЫРГЫЗ – РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш Д 05.19.597

Кол жазма укугунда
УДК 674.048.001. + 691.115.674

**МАТЫЕВА АКБЕРМЕТ КАРЫБЕКОВНА**

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ МОДИФИКАЦИЯЛАНГАН ЧАПТАШТЫРГЫЧТАН, БИР ЖЫЛДЫК ӨСҮМДҮК КАЛДЫКТАРЫНАН АТМОСФЕРАГА ТУРУКТУУ АРБОЛИТТИ АЛУУНУН ЭНЕРГИЯНЫ ҮНӨМДӨӨ ТЕХНОЛОГИЯСЫН ПРАКТИКА ЖҮЗҮНӨ АШЫРУУ ЖАНА ТЕОРИЯСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

05.23.05 – курулуш материалдары жана буюмдары

Техника илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2021**

Диссертациялык иш Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин «Курулуш конструкциялары, имараттар жана курулмалар» кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** **Курдюмова Валентина Мифодьевна**
техника илимдеринин доктору, профессор,
КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмери,
Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин «Курулуш конструкциялары, имараттар жана курулмалар» кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Касимов Ибрахим Иркинович**
техника илимдеринин доктору,
Ташкент архитектура-курулуш институтунун «Курулуш материалдары жана химия» кафедрасынын профессору

**Касымова Мариам Тохтахуновна**
техника илимдеринин доктору, профессор,
Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин «Курулуш» кафедрасынын профессору

**Акмалайулы Кенжебек**
техника илимдеринин доктору, профессор,
Satbayev Universityнин Т.К. Басенов атындагы архитектура жана курулуш институтунун «Курулуш жана курулуш материалдары» кафедрасынын профессору

**Жетектөөчү мекеме:** Казахстан башкы архитектура-курулуш академиясы АК «Каз БАКА», Курулуш технологиялары, инфраструктуралары жана менеджменти факультети.
Дареги: 050043, Казахстан Республикасы, Алматы ш., Рыскулбеков көч., 28.

Диссертация 2021-ж. 28-майында саат 14-00дө Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдындагы Д 05.19.597 диссертациялык кеңештин отурумунда корголот. Дареги: 720020, Бишкек ш., Малдыбаев көч., 34, б, 1/101 ауд., www.ksucta.kg, тел.:(0312) 548566, факс: (0312) 543561.

Диссертациялык иш менен Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин китепканасынан, дареги: 720020, Бишкек ш., Малдыбаев көч., 34, б, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин китепканасынан, дареги: 720000, Бишкек ш., Киев көч., 44 жана www.ksucta.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-ж. 26-апрелинде жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент Маданбеков Н. Ж.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн негизги багыттарында жер титирөөгө туруктуу курулуш материалдарын жана конструкцияларын өндүрүүдө, металлдын жана жумуш чыгымдарын кыскартууга, материалдык керектөөсүң төмөндөөтүү менен имараттардын жана курулмалардын массасынын азайышын камсыз кылууга жана алардын жылуулугунун корголушун жакшыртууга артыкчылыктар каралган. Ошол эле учурда, отун-энергетикалык ресурстарынан чыккан материалдарды, калдыктарды жана кошумча продукталарды экинчи жолу чарбага кайра иштетүүгө кеңири көңүл буруу зарылдыгы келип чыгат, ал айлана-чөйрөнү жакшыртууга көмөктөшөт. Ата мекендик жана чет элдик тажрыйба көрсөткөндөй, бул көйгөйдү чечүүнүн натыйжалуу жолдорунун бири айыл чарба өндүрүшүнүн калдыктарын (саманды) колдонуу мүмкүнчүлүгү менен алынган органикалык толтургучтагын негизинде арболит-жеңил бетондору менен курулун жүргүзүү саналат. КМШ өлкөлөрүнүн ата мекендик илимпоздору: Касимов И.К. (1975-2005-жж.), Тулаганов А.А. (1982-2020-жж.), Курдюмовой В.М. (1975-2020-жж.), Исакулов Б.Р. (1990-2020-жж.) ж.б. полимердик жана минералдык чапташтыргычтарынын негизинде органикалык сырьелордон арболит алууга илимдерин арнаган. Анын өнүгүшүнө көптөгөн факторлор салым кошот, салт катары - турак жай куруу үчүн жеңил жыгачбетонун алуу мүмкүнчүлүгү, о.э. жаңы катары - Кыргыз Республикасында жыгач калдыктарынын жетишсиздиги, ошол эле учурда экологиялык абалга конструкциялардын биотруктуулугуна жана өрткө туруктуулугуна талаптын жогоруланышы. Жаңы факторлор жыгач калдыктарынын ордуна бардык айыл чарба өсүмдүктөрүнүн калдыктарын жана жергиликтүү модификацияланган чапташтыргычтарды колдонуп арболит даярдоону стимулдаштырат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илим-изилдөө иштери менен байланышы.** Иш Кыргыз Республикасында 2010-2017-жылдар аралыгында илимди, техниканы жана жаңы технологияларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик, комплекстүү программасынын алкагында (“Курулуш жана курулуш индустриясы” бөлүмү) жана Н. Исанов атындагы КМКТАУнин “КжИКК” кафедрасынын илим изилдөө тематикасынын планы боюнча аткарылды.

**Иштин максаты.** Өсүмдүк калдыктарынан (самандан) жана болжолдонгон касиеттери менен жергиликтүү көп компонентүү модификацияланган чаптагычтын негизинде жеңилдетилген арболитти алуу максатында чийки зат

аралашмасынын жаңы курамын жана энергияны үномдөө технологиясын иштеп чыгуу жана илимий негиздөө.

**Изилдөөнүн маселери:**

- өсүмдүк-гипс күл щелочтуу композициясы (ӨГКЩК) менен модификацияланган кошулмаларынан гидрофизикалык жана термодинамикалык касиеттери жакшыртылган, жеңилдетилген арболитти алуу үчүн илешкек ийкемдүү чөйрөдөгү курамынын концепциясын илимий жактан негиздөө;

- органикалык толтургучунун нымдуу деформациясын эске алуу менен өсүмдүк сырьесунун бөлүкчөлөрүн модификациялоонун рационалдуу технологиялык параметрлерин иштеп чыгуу;

- гидрофобдуу кошулмалардын жана катализаторлордун гипскүлщелочтуу модификацияланган чапташтыргычтын касиеттерине тийгизген таасирин аныктоо жана материалдын гидрофизикалык жана термодинамикалык касиеттеринин бекемдигин жогорулатуу үчүн эксперименталдык - теориялык изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- жергиликтүү натыйжалуу модификацияланган чапташтыргычтан жана өсүмдүк калдыктарынан алынган атмосферага туруктуу арболиттин жаңы курамын математикалык-статистикалык моделдөө ыкмасын колдонуу менен оптималдаштыруу. Жука деформация шартында өсүмдүк-гипс күл щелочтуу композициясы (ӨГКЩК) илешкек ийкемдүү чөйрөдөгү динамикалык кыймылын эске алуу менен модификацияланган чапташтыргычтын байланыш зонасындагы анын органикалык толтургуч менен өзгөчө жабышуудагы түзүлүштүн пайда болуу процессиндеги мыйзам ченемдүүлүктүн негизин ачып берүү;

- курулушта конструкциялык-теплоизоляциялык материл катары аны колдонуу үчүн, болжолдуу касиеттери менен жергиликтүү модификацияланган чапташтыргычтан жана өсүмдүктүн калдыктарынан цементсиз атмосферага туруктуу, жеңилдетилген арболитти алууга жөндөмдүү энергияны үнөмдөөчү технологиясын сунуш кылуу;

- бир жылдык өсүмдүктөрдүн калдыктарынан жана жергиликтүү модификацияланган чапташтыргытан жеңилдетилген арболиттин курамындагы компоненттердин өз ара аракетинин жана катуулашуу кинетикасынын мыйзам ченемдүүлүгүн ачып берүү;

- негизги курулуш-техникалык касиеттери боюнча өндүрүш шартында жеңилдетилген арболиттин тажрыйбалык-өндүрүш партиясын сыноону аткаруу;

- атмосферага туруктуу цементсиз, жеңилдетилген арболитти даярдоого жана аны жер титирөөгө туруктуу курулушта колдонуу сунушу боюнча нормативтик-регламенттик документтерди иштеп чыгуу.

**Иштин илимий жаңылыктары:**

- биринчи жолу бир жылдык өсүмдүктөрдүн (самандын) калдыктарынын негизинде цементсиз жеңилдетилген, атмосферага туруктуу арболитти өндүрүү үчүн модификацияланган чапташтыргычтын рацианалдуу жаңы курамын жана энергияны үнөмдөө технологиясын иштелип чыкты. Бул тез бекемделүү менен тыгыз структуранын пайда болушуна өбөлгө түзөт;

- органикалык толтургучтун нымдуу деформациясын эске алуу менен, өсүмдүк сырьелорунун бөлүкчөлөрүн модификациялоонун технологиялык параметрлери биринчи жолу иштелип чыкты жана гидрофобдуу кошумчалар менен катализаторлордун өсүмдүк-гипс күл щелочтуу чапташтыргычтын (ӨГКЩЧ) касиеттерине тийгизген таасирлери аныкталды;

- арболиттин структуралык калыптануу процессинде жука деформация шартында ӨГКЩКнын жылып жаткан кысылуучу ийкемдүүлүк чөйрөнүн абалынын теориялык маалыматы илимий жактан негизделди;

- математикалык-статистикалык моделдөө методун колдонуп, натыйжалуу модификатор менен жергиликтүү чапташтыргычтан жана самандан жасалган цементсиз жеңилдетилген арболиттин оптималдуу курамы аныкталды;

- физикалык жана механикалык касиеттерин эске алуу менен, өсүмдүктүн органикалык толтургучу менен модификацияланган чапташтыргычтын байланыш зонасынын түзүлүшүнүн пайда болуу процесстери биринчи жолу аныкталды;

- чапташтыргычтын жаңы курамындагы химиялык активдүү пластификациялоочу кошулмаларды бир жылдык өсүмдүк калдыктары менен колдонуу ӨГККнын реологиялык касиетин жогоруланышына, структурасынын пайда болуу багытына, гидрофизикалык жана термодинамикалык касиеттеринин жогоруланышына, тыгыз структурадагы жеңилдетилген атмосферага туруктуу арболитти алууга жардам берери аныкталды.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.** Өндүрүштү өнүктүрүүнүн жана өркүндөтүүнүн жаңы баскычы болуп, цементсиз атмосферага туруктуу, бир жылдык өсүмдүктөрдүн (самандын) калдыктарынан жана жергиликтүү модификацияланган жаңы чапташтыргычтан жасалган цементсиз, жеңилдетилген арболитти курулушта колдонуу иштин натыйжасы болуп саналат.

Бир жылдык өсүмдүктөрдүн калдыктарынан жана жергиликтүү модификацияланган жаңы чапташтыргычтан иштелип чыккан цементсиз арболит блоктору, кымбат портландцементти, жыгачты жана башка курулуш материалдарын алмаштырууга мүмкүндүк берүү менен, энергияны үнөмдөөчү технология боюнча арзан жана жетиштүү бышыктыктагы, натыйжалуу жогорку бышыктыктагы буюмдар менен курулушту камсыз кылат.

Жеңилдетилген арболит алуунун рационалдуу технологиялык регламенттери иштелип чыкты жана Бишкек шаарындагы «Азат» үй куруу кызматы» ЖЧКсынын, Ош шаарындагы «Элит-Строй-Сити» ЖЧКсынын, «Меркит-Курулуш» ЖЧКсынын, Таджикистан Республикасынын Худжанд шаарындагы «Тинал» ЖЧКсынын, Казакстан Республикасынын Алматы шаарындагы «КазКАИИИ» өндүрүштөрүнүн, өндүрүштүк шарттарында сыноолор жүргүзүлдү. Жергиликтүү композициялык материалдардан имараттардын тосмо конструкцияларынын эсептик долбоорлоо боюнча методикалык сунуштары иштелип чыкты.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** КРнын курулуш комплекси үчүн сунуш кылынган энергияны үнөмдөөчү технологиянын ишке киргизүүдө жакшыртылган гидрофизикалык жана термодинамикалык касиеттери менен атмосферага туруктуу жеңилдетилген гипскүлщелочтуу арболитти даярдап жана колдонуудан оң экономикалык натыйжа алынды.

Иштин жыйынтыгын киргизүүнүн экономикалык натыйжасы өндүрүш көлөмү 1000 $м^3$ болгон атмосферага туруктуу арболит блокторун чыгарууда жылына 936140 сомду түзөт.

**Коргоого сунуш кылынган диссертациянын негизги жоболору:**

- пленка сыяктуу курамы (аз концентрациялуу фенол-формальдегид чайыры СФЖ-3066, суюк натрий айнеги жана катализаторлор) менен органикалык толтургучтарды (самандын майдасы) даярдоонун (байытуунун) натыйжалуу жолу;

- жергиликтүү сырьелордон, суу жана ЛСТ, СКС, СДБ, М-4 пластификаторлор жана модификаторлордон, катыруучудан, катализатор менен СФЖ-3066 чайырынан, чопогипсинен (ганча), күлдөн, катализатор менен Г-7 гипсинен, самандан турган жеңилдетилген атмосферага туруктуу дубал арболити үчүн өсүмдүк чапташтыргыч композициясынын (ӨЧК) рациональдуу комплекстүү жаңы курамы;

- комплекстүү кошумчаларды жана гидратация процесстеринин интенсивдүүлүгү биргелешип колдонуу алдында ӨЧК активдештирүү механизми;

- пленка сыяктуу полимерсиликат жана пластификациялык кошулмалардын комплекстүү жергиликтүү минералдык чапташтыргыч менен самандын бөлүкчөлөрүнүн адгезиялык бышыктыгына таасири;

- материалдын калыптануу процессинде жалпак деформация шартында ӨГКнан жылышып кысылуучу ийкемдүүлүк чөйрөнүн абалынын теориялык негиздери;

- гидрофизикалык жана термодинамикалык мүнөздөмөлөрүн жогорулатуу менен тыгыз структуралуу атмосферага туруктуу арболитти алуу жана саман

толтургучу менен өсүмдүк чапташтыргыч кампозициясынын (ӨЧК) байланыш зонасындагы структуралык калыптануу процесси жана мыйзам ченемдүүлүгү;

- полимерсиликат кошулмалары менен жергиликтүү модификацияланган чапташтыргычтын жана бир жылдык өсүмдүктөрдүн (самандын) калдыктарынын негизинде дубал блоктору үчүн атмосферага туруктуу, жеңилдетилген арболит өндүрүүгө энергияны үнөмдөө технологиясы;

- атмосферага туруктуу, жеңилдетилген арболитти даярдоо жана жер титирөөгө туруктуу курулушта колдонуу ишинин жыйынтыгынын техникалык-экономикалык баасы жана атмосферага туруктуу жеңилдетилген арболиттин тажрыйбалык-өндүрүш партиясынын сыноолорунун жыйынтыктары.

**Докторанттын жеке салымы.** Жеңилдетилген арболитти алууда жана колдонууда, эксперименталдык жана теориялык изилдөөлөрдү жүргүзүү, алынган илимий жана практикалык маалыматтарды анализдөө жана жыйынтыктарды жалпылоо, структуранын калыптануу процессинин мыйзам ченемдүүлүгүн ачыктоо, изилдөө иштеринин жыйынтыктарын өндүрүштүк жана илимий-педагогикалык иштерге киргизүү болуп саналат.

**Диссертациянын жыйынтыгынын апробацияланышы.** Иштин негизги жыйынтыктары төмөнкү эл аралык, республикалык жана регионалдык илимий-практикалык конференцияларда баяндалды: Эл аралык илимий-техникалык интернет- конференция "Пластмассаны курулушта жана шаар чарбачылыгында колдонуу", Харьков ш., 2011; Эл аралык илимий-практикалык конференция "Кыргыз Республикасынын курулуш жана билим берүү тармагындагы инновациялар", КМКТАУ, 2012; Эл аралык илимий-практикалык конференция "Кыргызстандагы билим берүү жана илим: интеграция, инновация жана өнөктөштүктүн келечеги", КМКТАУ, 2014; "Тиричилик чөйрөсүнүн сапаты жана коопсуздугу: жаңы шарттардагы долбоорлоо жана курулуш иштери" III эл аралык илимий-практикалык конференция, “KAZGOR “Академиясынын долбоору, Алматы, 2015; XI эл аралык илимий-практикалык конференция "Азыркы дүйнөдөгү илимий изилдөө", Махачкала ш., 2016; II эл аралык, илимий-практикалык конференция "Илимдеги Инновациялык Технологиялар, 2016, Дубай, БАЭ"; РК УИАнын академиги Кулибаев А.А.нын 80 жылдык маарекесине арналган "XXI кылымдагы жаңы курулуш тенденциялары" эл аралык илимий-практикалык конференциясы, Алматы ш., 2017; Жер титирөөгө туруктуу курулуш боюнча II эл аралык илимий-практикалык конференция, Бишкек- Ысык-Көл, 2018; BOOKEXPO AMERICA 2019 эл аралык көргөзмөсү (АКШ, Нью-Йорк, 29-31-май, 2019).

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын жайылтуу.** Иштин жыйынтыктары төмөнкү өндүрүштөрдө ««Азат» үй куруу кызматы» ЖЧК, Бишкек ш., «Элит-Строй-Сити» ЖЧК жана «Меркит-Курулуш» Ош ш., «ТИНИАЛ» ЖЧК, Тажикстан Республикасы, Худжанд ш., КазКАИИИ Казакстан Республикасы,

Алматы ш., Н. Исанов атындагы КМКТАУ жана ЭИТУ окуу процесстеринде (лекция, лабораториялык жана практикалык сабактар, бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштери) "Курулуш" багыты боюнча бүтүрүүчү адистерди, магистрлерди, аспиранттарды даярдоодо колдонулду.

**Диссертациянын жыйынтыгын жарыялоолордо чагылдыруунун толуктугу.** Диссертациялык иштин жыйынтыгы боюнча 43 илимий чыгарма, анын ичинде КР ЖАК сунушталганы 4, КР РИНЦ 12, чет элдик РИНЦ 8, 1 монография жарык көргөн.

**Диссертациянын көлөмү жана структурасы.** Диссертация киришүүдөн, 6 бөлүмдөн, корутундулардан, 419 аталышка чейин колдонулган адабияттардын тизмесинен, анын ичинде 65 - чет тилдеринде 49 бет, 315 беттен турган машинада жазуу түрүндөгү текст, 54 сүрөт, 54 таблица жана тиркемелерден турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү** теманын актуалдуулугун, илимий жактан негизделген жана изилдөө ишинин багыттарын ачып берет жана диссертациянын жалпы мүнөздөмөлөрүн баса көрсөтөт. Изилдөө көйгөйүн чечүүнүн максаты, илимий жаңылыгы жана иштин алынган жыйынтыктарын теоретикалык жана практикалык маанисинин баасы аныкталган.

**Биринчи главада "Жыгач жана өсүмдүк сырьелорунун негизинде арболит өндүрүү технологиясынын көйгөйүнүн учурдагы абалы"** жыгач-өсүмдүк сырьелорунун негизинде алынган арболитти колдонуу жана өндүрүү технологиясында орун алган көйгөйлөргө анализ жасалды. Адабияттарды анализдөө көрсөткөндөй, гипс чапташтыргычынын бышыктыгы жана анын сууга туруктуулугу активдүү пластификациялануучу кошулмаларды колдонуу менен, толтургучтарды минералдаштыруу шартында жана аларды механикалык активтештирүү, органикалык жана органикалык эмес химиялык кошулмаларын колдонуу жолу менен жогорулатат. Арболит аралашмасын даярдоонун эффективдүү ыкмаларын түзүү, калыпташтыруу процесстерин өркүндөтүү жана азыктарды катуулатууну ылдамдатуу, ошондой эле буюмдардын керектөөсүн азайтуу жана азыктардын бекемдигин жана деформациялык касиеттерин жогорулатуу ыкмаларын иштеп чыгуу маанилүү багыт болуп саналат. Жасалма курулуш конгломераттарды (ЖКК) түзүү боюнча суроолор, анын ичинде Хрулев В.М. (1970-2005-жж.), Касимов И.К. (1975-2020-жж.), Батырбаев Г.А. (1976-2016-жж.), Акчабаев А.А. (1976-2020-жж.), Курдюмова В.М. (1975-2020-жж.), Ферронская А.В. (1984-2018-жж.), Рыбьев И.А. (1980-2000-жж.), Абдыкалыков А.А. (1986-2020-жж.), Асакунова Т.Т. (1990-2020-жж.), Касымова М.Т. (1990-2020-жж.), Исакулов Б.Р. (1990-2020-жж.), Тулаганов А.А. (1982-2020-жж.), Клименко М.И. (1973-2009-жж.), Баженов Ю.М. (1972-2020-жж.),

Мавлянов А.С. (1990-2020-жж.), Акмалаев А.А. (1990-2020-жж.), Наназашвили И.Х. (1990-2016-жж.), Солдатов Д.А. (1982-200-жж.), Соломатов В.И. (1981-2000-жж.), Удербаев К.А. (1990-2020-жж.), Кобулиев З.В. (1996-2020-жж.) жана башкалардын эмгектеринде полимер жана минералдык чапташтыргыч, органикалык сырьелордон алынган арболит кеңири иштелип чыккан. Аталган авторлор курулуш материалдары илиминин теориясын жана практикасын өнүктүрүүгө чоң салым кошушкан. Алардын илимий изилдөөсү, учурдагы курулуш материалдарын иштеп чыгуунун жаңы техникалык чечимдерин түзүүгө мүмкүндүк берди. Курулуш мекемелеринин жылуулук өткөрүмдүүлүгүнө карата талаптардын күчөшүн эске алуу менен (Курулуш теплотехникасы, СНиП 23-01-2013 КР өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммунальдык чарба боюнча Мамлекеттик агенттиги), жогорку натыйжалуу көңдөйлүү жылуулук изоляциялоочу материалдарды (ЖИМ) курулушта колдонууга кескин өтүүнү талап кылат. Алардын катарына полимерсилат кошумчалары менен өзгөртүлгөн жергиликтүү өсүмдүктөрдүн толтургучтарынын жана минералдык чапташтыргычтарынан(гипс, жылуулук электр станциясынын күлү ж.б.) негизделген атмосферага туруктуу арболит кирет. Айыл чарба калдыктарын, айрыкча, саманды колдонуу менен арболиттин оң касиеттери башка дубал материалдарына салыштырмалуу арболит буюмдарынын баасын кыйла төмөндөтүп, металлдын керектөөсүн азайтат. Илимий-техникалык адабияттарды анализдөөнүн негизинде изилдөөнүн максаты жана милдети түзүлүп, анын негизинде бул иш илимий гипотезага негизделет: арболитти катуулатууну ылдамдатуу жана ошондуктан, химиялык жана физика-химиялык процесстер учурунда арболит компоненттеринин курамдык бөлүктөрүнүн өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү, технологиялык өзгөрүүлөрдү жана режимдерди оптималдаштыруу, ошондой эле оптималдуу структураларды түзүү жолу менен сапат көрсөткүчтөрүн төмөндөтпөстөн жана экономикалык көрсөткүчтөрдү жогорулатуу менен аны өндүрүү технологиясын өркүндөтүүгө болот, бул конгломератты.

**Экинчи главада “Изилдөө ыкмасы, эксперименталдык изилдөө үчүн колдонулган баштапкы сырьелор жана материалдар”** илимий изилдөөдө колдонулган материалдарды тандоо жана алардын мүнөздөмөлөрү илимий жактан негизделген. Учурдагы изилдөө методдорунун жана математикалык-статистикалык моделдөө ыкмаларын колдонуу менен эксперименталдык усулдардын сүрөттөмөлөрү келтирилген. Эксперименталдык изилдөөлөрдө колдонулган буудай саманы Кыргыз Республикасынын төмөнкү региондорунда өскөн: Ысык-Көл, Чүй жана Жалал-Абад облустарында. Илимий изилдөөлөрдө минералдык чапташтыргыч катары Бактерек кенинин негизиндеги сырье, Нарын облусунун Кулан-Ак айылындагы жана Жалал-Абад облусунун Сузак

районундагы гипс заводунун биринчи сорттогу сырьесуна тийиштүү Г-5 жана Г-7 маркасындагы тез катуулаштыруучу гипс колдонулган. Гипстин катуулануусунун башталышы - 6 мүнөт, аягы - 14 мүнөт. Анын кысууга бышыктык чеги - 4,4 МПа, ийилүүгө- 2,2 МПа жана БЖЭС күлү, ошондой эле ПЦК, жаратылыш табигый чопо гипсинин (ганч) минималдуу кошулган. Чопо компоненти катары Толойкон кениндеги суглинок колдонулган. Минералдык чапташтыргычка модификацияланган кошумчалар катары төмөнкүлөр колдонулган: гипстин катуулануусун акырындатуучу (1-гидроксиэтилен-1,1-дифосфондук кислотанын триетаноламин менен толук эмес тузунун кошумчалары); нитропопериметилфосфор кислотасы НПФК катализатору; ПЦК; чопо гипс; суюк натрий айнеги; ЛСТ, СКС пластификаторлору; СДБ көңдөй жаратуучулар; модификацияланган катуулатуучу М-4. Комплекстүү чапташтыргычты жана арболит аралашмасын даярдоо үчүн ичүүчү суу колдонулган. Органикалык сырьелордун жана материалдардын мүнөздөмөлөрү 1, 2, 3-таблицада келтирилген. Табигый теги, морфологиялык түзүлүш жана химиялык курамы боюнча самандын сабагы жыгачтыкына жакын (1 жана 2-табл.).

1-таблица - Органикалык толтургучтардын химиялык курамынын салыштырмалуу маалыматтары

| Органикалык толтургучтар | Химиялык курамы, % | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | целлюлоза $C_8H_{10}O_5$ | лигнин $C_4P_{10}O_{16}$ | пентазан $C_5H_8\ O_4$ | ппп | күл |
| Дан өсүмдүктөрүнүн саманы | 50 | 12 | 20 | 18 | 1,7 |
| Жыгач калдыктары | 41,7 | 21,91 | 16,3 | - | 2,8 |

2-таблица - Өсүмдүктөрдүн жана жыгач материалдарынын физика-механикалык мүнөздөмөлөрү

| Касиеттери | Касиеттердин көрсөткүчү | | |
|---|---|---|---|
| | Буудай сабагы | Күрүч сабагы | Терек жыгачы |
| Тыгыздыгы, кг/м$^3$ | 58 - 70 | 54 | 400 |
| Ийилүү бышыктык чеги, МПа | 54 | 49 | 78 |
| 24 саат ичинде сууда көбүшү , % | 4,4 | 5,6 | 13,8 |
| 24 саат ичинде суу жутумдуулугу, % | 118 | 130 | 160 |

3-таблица – Курулуш гипсинин химиялык курамы

| Материалдардын түрү | Курамы, % | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | $SiO_2$ | $Al_2O_3$ | $Fe_2O_3$ | MgO | $SO_3$ | $K_2O$ | CaO | ппп |
| Курулуш гипси Г-7 | 1,75-5,78 | 1,3 | 0,4-0,7 | 2,7 | 44-46,9 | 0,58-0,65 | 31,7-36,7 | 9,38 |
| ГОСТ 125-79 *«Курулуш гипси» | | | | | | | | |

Активдүү минералдык кошулма катары Бишкек ЖЭЦ (БЖЭЦ) күл колдонулган. Бишкек ЖЭЦинин күлү биринчи класска кирет ($SiO_2$ + $AL_2O_3$ курамында 76,44-88,55 % чейин болот ); курамында CaO боюнча (2,16-5,72) - биринчи класска астында, экинчи чакан класска калган отун менен (10-13,8 %). БЖЭЦ күлүнүн курамында $Al_2O_3$ - 20,49-26,50 % , курамындагы SO3- 0,31-0,53. Күлдүн урамындагы айнек фазасы 20-30 % түзөт.

Күлдүн жапырт орточо тыгыздыгы 800-850 кг / $м^3$, чыныгы тыгыздыгы 1,82-2,20 г / $см^3$. Күлдүн салыштырма бети 2230-2250 $см^2$ / г. Чопо гипс алууда Толойкон кенин суглиногу чопогипстин курамдык бөлүгү катары колдонулган. Силикат материалдардын касиеттерин жакшыртуу үчүн суюк айнекти полимерлер же полимер сыяктуу органикалык кошумчалар менен модификациялоо сунушталат. Ушундай жол менен алынган композит полимерсиликат деп аталат. Полимердик силикат системаларын жана алардын негизинде натыйжалуу полимердик силикат материалдарын түзүү курулуш технологиялары жана курулуш материалдары илиминдеги жаңы багыт. Аз өлчөмдө болсо дагы, полимерлердин болушу композиттердин бекемдик касиеттерин бир топ жакшыртат: адгезия, соккуга бышыктыгы, сууга туруктуулугу , суукка туруктуулугу жана химиялык туруктуулугу жогорулайт. Ийкемдүүлүгү, катуулугу, суу өткөрүмдүүлүгү, электр өткөрүмдүүлүгү, жылуулук өткөрүмдүүлүгү төмөндөйт. Полимер кошумчасы катары СФЖ-3066 фенолформальдегид чайыры жана ЛСТ техникалык лигносульфонаты, СКС бутадиенстирол латекс, ал эми өзүн суу дисперсия катары стирол менен бутадиен сополимер катары кызмат кылышат. ЛСТде суутектин ионунун концентрациясы (Рн көрсөткүчү) -11,5, бөлүкчөлөрдүн өлчөмү 0,15 ... 0,18 мкм, беттик тартылуусу - 36 ... 40 мДж / $м^2$, ВЗ-4 вискозиметр боюнча шарттуу илешкектүүлүгү - 11 с. СФЖ-3066 катуулатуучу зат катары курамында 80 % күкүрт кислотасынын 40% концентрациясы менен 20 % фосфор кислотасынын иондук типтеги аралашма чайырдын массасынан 0,5 % өлчөмүндө колдонулган. Чайырдын көлөмү материалдын керектүү бышыктыгынан, технологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша өзгөрөт жана саман бөлүкчөлөрүнүн кургак салмагынын 8-12 % түзөт. СФЖ-3066 фенолформальдегид чайырын тандоо, анын өндүрүштүк шарттарда жакшы сыналгандыгы жана КМШ өлкөлөрүнүн санитардык органдары тарабынан курулушта жана башка тармактарда колдонууга сунушталган. Чийки зат аралашмасында СДБ- сульфат-ачыткы аба соруучу кошулма жана катализаторлор катары колдонулган.

**Изилдөөнүн объектиси**: арболит өндүрүү технологиясы.

**Изилдөөнүн предмети:** самандын жана жергиликтүү көп компоненттүү модификацияланган чаптагычтын негизинде жасалган жеңилдетилген арболиттин курамы жана түзүлүшү.

**Эксперименттик изилдөөлөрдү жүргүзүү методикасы.** Гипсти сыноо жана полимерсиликатгипс чапташтыргычынын иштелип чыккан курамдарын ГОСТ 23789-79 * "Гипс чапташтыргычтарын сыноо ыкмалары" боюнча аныкталды. Майдалоонун майдалыгын - ГОСТ 310.2-76 *; катулануу убактысы - ГОСТ 310.3-76 *; Ийилүү жана кысуу бышыктыгынын чеги - ГОСТ 310.4-81

*. Күлдүн сыноо ТУ 21-31, ГОСТ 9592 боюнча жүргүзүлгөн. Күлдүн күкүмдүүлүгүн гранулометрикалык курам мүнөздөйт (элек менен анализдөө), салыштырма бети ГОСТ 310.2-76 * боюнча. Айнек фазасынын курамы ГОСТ 9552-76 * ылайык. Чыныгы жана жапырт тыгыздыгы ГОСТ 9758-87 * боюнча аныкталган. Күлдүн активдүүлүгү 30 күндүн ичинде каныккан эритмеден акиташ сиңирүү ыкмасы менен аныкталды. Күлдү жана жаңы клыптануусун, аларды активтештирүүдө электрондук микроскопиялык изилдөө В-242 өткөргүч электрондук микроскопунда 7500 дөн 14000 ге чейин чоңойтулуу менен жүргүзүлдү. Арболиттин физикалык-механикалык касиеттери 12 контролдук үлгүлөрдө аныкталды - ГОСТ 18105 жана 10х10х10 см кубаттуулугу 15х15х15 см жана 10х10х10 см. ГОСТ 1922 - 84 * "Арболит жана андан жасалган буюмдар", ГОСТ 10060.0-95 боюнча суукка туруштук берүү; материалдын жылуулук өткөрүмдүүлүгү ГОСТ 7076 "Курулуш материалдары" боюнча 300х300х20 - 50 мм плитанын формасына ээ беш үлгү боюнча аныкталды. Жылуулук өткөрүмдүүлүгүн, тыгыздыгын ГОСТ 12730.1 боюнча, ГОСТ 10180 боюнча кысуу күчү, нымдуулук 25 % дан ашык эмес, ГОСТ 12730.3 боюнча суу соруу, ГОСТ 7025 боюнча суукка туруштук берүү. Өзгөрткүчтөрдүн сыноолору: суюк айнек - ГОСТ 13078, тыгыздыгы 1,32 г / см$^3$, латекс СКС, ЛСТ - ГОСТ 19564; СФЖ-3066 - ГОСТ 20907 аз концентрациялуу полимердик чайыр. Сыноо учурунда МР-05-1, пресстөөчү П-125, ПЛС-100, ДРОН-2, ЛГ-78 лазердик анализатору, рентген фазасы, ИК спектроскопиялык ыкмалар жана РЭМ ж.б. сыноо машиналары колдонулган.

**Физикалык жана химиялык изилдөө методдору**. Иштелип чыккан аралашманын курамынын чийки заттын жана продукцияларынын гидратациясынын фазалык курамы орнотулган ДРОН-2 боюнча рентгендик изилдөө жүргүзүлдү. Чийки зат жана продуктуларын гидратациясына дериватографиялык изилдөө Кыргыз Республикасынын УИАнын Физика институтунда ОД-102 дериватографында жүргүзүлдү. Арболиттин түзүлүшүн изилдөө Кыргыз Республикасынын УИАнын Физика институтунда растровдук электрондук микроскопияда (РЭМ) жүргүзүлдү. Плитанын бетинин сыныгынын структурасын жана талкалануу мүнөздөмөсү туралуу, мурда алууга мүмкүн болбогон маалыматты алуу үчүн биз, В-301 маркасындагы растровдук электрондук микроскопияны колдонуп 15 нм (150А) уруксатында 200000 чейин чоңойтуу менен алынды. Үлгүлөр көрүү 25 кВ ылдамдатылган чыңалууда жүргүзүлдү. РЭМ жардамы менен талкалануу бетиндеги талкалануу чоңдугун изилдөө талкалануу процесстеринин механикасы жана саман толтургучунун татаал фазаларынын структуралык мүнөзү туралуу ачык көрүнүштү алууга мүмкүнчүлүк берди. Изилдөөлөр Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Физика институтунда жүргүзүлдү. Арболит толтургучунун таралышынын структуралык параметрлерин баалоо үчүн МБС-10, МУ-2 оптикалык микроскоптору жана узун фокустук микроскоптор колдонулган. Үлгүлөрдүн өлчөмү-кубик 20х20 мм. Микроскопиялык изилдөөлөр үчүн жылмалоо, үлгүлөрдүн бөлүкчөлөрү жылышып жана укаланбоосу үчүн үлгүлөр парафин менен сиңдирилгенден кийин даярдалды.

**Математикалык жана статистикалык моделдөө методу**. Атмосферага туруктуу арболит үчүн полимерсиликатгипсщелочтуу композициясынын курамынын касиеттерин оптималдаштыруу үчүн $B_3$ планына ылайык үч факторлуу эксперимент жүргүзүлүп, анда үч рецепт фактору өзгөрүлдү: $X_1$ – гипс- Г-7 (30 ± 5) % ; $X_2$ - БЖЭЦ күлү (25 ± 5) % жана $X_3$ - полимерсиликат композициясы (СФЖ-3066 (10 ± 2) %), калганы саман майдасы. Көрсөтүлгөн чектеги сырьелук аралашмасындагы компоненттердин курамы, алдынала жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде ГОСТ 19222-84 * ылайык келүүчү конструкциялык-теплоизоляциялык арболиттин физика-механикалык мүнөздөмөлөрүн камсыздайт. $B_3$ планына ылайык эксперимент жүргүзүлгөндөн кийин, жылуулук изоляциялоочу арболиттин касиеттеринин эксперименттик-статистикалык моделдери эсептелген (1-3) жана алардын графикалык көрүнүшү номограмма түрүндө тургузулган.

**Арболиттин жылуулук физикалык касиеттерин изилдөө**. Арболиттин жылуулук техникалык эсеби Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерине жана СНиП 23.01-2013 ылайык жылуулук техника боюнча аткарылды, ал техникалык эсептөөлөрүнө ылайык, арболиттин 0,15 м калыңдыгы, кадимки чопо кирпичтин 0,64 м калыңдыгына барабар.

**Иштин жыйынтыктарынын статистикалык ишенимдүүлүгү**. Аныктама саны ($n > 5$) үчүн иштелип чыккан математикалык статистиканын ыкмаларын колдонуу менен жүргүзүлгөн эксперименттердин тактыгы аныкталды. Жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү жана салыштырылуучу жыйынтыктардагы айырмачылыктардын мааниси Z критерийи менен текшерилди; Лаплас функциясы боюнча.

**Үчүнчү главада “ӨГКЩК илешкек ийкемдүү чөйрөсүнүн динамикасын эске алуу менен комплекстүү полимерсиликат модификатор менен арболиттин техникалык касиетин жогорулатуу ыкмасы жана теориясынын негизи”** атмосферага туруктуу жеңилдетилген арболит үчүн, өсүмдүктөрдөн толтургучтарды полимердик силикат модификаторлору менен ӨГКК илешкек ийкемдүү чөйрөсүнүн динамикасын эске алуу менен жакшыртуу ыкмалары каралат. Полимердик силикат менен модификацияланган толтургуч гипсщелочтуу арболиттин физикалык жана механикалык касиеттеринин жогорулашы жана анын жогорку сууга туруктуулугу материалды тышкы конструкцияда узак мөөнөткө иштөөсүн камсыз кылат. Полимерлер материалдын ичине камтылган жана бөлүкчөлөрдүн бетинен чапташтыргыч пленка менен жабылгандыктан, арболиттин күйүп кетиши жана жалындын бетине жайылышы бир кыйла төмөндөйт. Полимерсиликат менен сугаруу - суу жана атмосферага туруктуу арболит технологиясынын модификацияланган (өзгөртүлгөн) толтургучтардагы өзгөчө учуру. Бул жагынан алганда, саман толтургучтарынын эң мыкты өзгөрткүчтөрү - сууда эриген фенол-формальдегид олигомерлери, алар самандын түзүлүшүндө күчтүү байланыштарды түзүшөт. Полимердик силикат кошулмаларынын таасирин тастыктаган негизги көрсөткүч - бул баштапкы силикат курамына салыштырмалуу кеминде 2 эсеге төмөндөшү, бул болжол 70% көңдөйчөлөрдүн

жабылышына (тыгыздыгына) туура келет. Арболит бул жеңил бетон жана дубал блокторун курууга арналган. Арболит өндүрүүдө цемент ордуна гипсти алмаштыруу, жыгач толтургучунун ордуна жана саман толтургучун алмаштыруу, жылуулук иштетилбестен, арболиттин катууланышын тездетет, курулушта отун-энергетикалык ресурстарды үнөмдөө менен Кыргыз Республикасынын курулуш комплексине арзан курулуш материалдарын алуунун тез өсүшүн камсыз кылат. Жогорку көңдөйлүү курамдуу материалдарды иштеп чыгууда, структурасы адатта, тез катулануучу гипс чапташтыргычтарын колдонуу жолу менен бекемделет.

Гипс чапташтыргычынын башка чапташтыргычтардан бир нече артыкчылыгы бар: тез катууланат, абада катууланып, катуулануу учурунда кичирейбейт жана чөкмөлөрдүн туруктуулугу менен мүнөздөлөт.

Гипс чапташтыргычын тандоо - кальций сульфатынын жарым суутегин, анын кристаллдары ийне сыяктуу жана ошону менен жогорку көңдөйлүү курамдардын бекемдигин жогорулатат.

Арболит композициясын пресстөөдө тегиз деформация шартында курамындагы өзүн-өзү уюштуруучу көңдөйлүү масса катарында идеалдуу илешкек ийкемдүү чөйрөнүн кыймылы түзгөн ийкемдүүлүктүн чек ара катмарын эске алуу менен каралат. Динамикалык илешкектүүлүк коэффициенти $\mu$ нөлгө барабар деп коёлу, анда илешкек ийилгич чөйрөнүн чыңалуу абалы пластикалык шартка баш ийет.

Бул божомол, жылып жаткан пластикалык массанын тегиз деформациясы шартында беш белгисиз функцияны киргизүүгө мүмкүндүк берет:

$X_x(x, y, t), Y_y(x, y, t), X_y(x, y, t), v_x(x, y, t), v_y(x_1, y_1, t)$ (1)

чыңалуу тензордун үч компоненти жана x жана y огундагы ылдамдык векторунун эки проекциясы.

Идеялдуу ийкемүүлүк чөйрөнүн кыймыл абалынан (1) белгилүү теңдемелер системасынын негизинде бизде:

$$\frac{1}{\rho_0}\left(\frac{\partial X_x}{\partial x}+\frac{\partial X_y}{\partial y}\right)+X=\frac{\partial V_x}{\partial t}+v_x\frac{\partial V_x}{\partial x}+v_y\frac{\partial v_x}{\partial y}; \qquad (2)$$

$$\frac{1}{\rho_0}\left(\frac{\partial X_y}{\partial x}+\frac{\partial Y_y}{\partial y}\right)+Y=\frac{\partial v_y}{\partial t}+v_x\frac{\partial v_y}{\partial x}+v_y\frac{\partial v_y}{\partial y}; \qquad (3)$$

$$(X_x-Y_y)^2+4X_y^2;\sin^2\varphi\left(x_x-y_y+2kctg\ \varphi\right)^2 \qquad (4)$$

$$\frac{\partial v_x}{\partial x}+\frac{\partial v_y}{\partial y}=0; \qquad (5)$$

$$\frac{2X_y}{X_x-Y_y}=\frac{(\frac{\partial v_x}{\partial y}+\frac{\partial v_y}{\partial x})\pm(\frac{\partial v_x}{\partial_x}-\frac{\partial v_y}{\partial_y})tg\,\varphi}{(\frac{\partial v_x}{\partial x}-\frac{\partial v_y}{\partial y})\pm(\frac{\partial v_x}{\partial_y}-\frac{\partial v_y}{\partial_x})tg\,\varphi} \qquad (6)$$

мында $\rho_0$ - илешкектүү-пластикалык массанын орточо тыгыздыгы, X, Y – проекция позитивдүү багыттары координат окторунун оң багыттары менен дал келген массалык күчтөр, $\varphi$ - ички сүрүлүү бурчу.

(2) жана (3) теңдемелер - Эйлердин өзгөрмөлөрүндө жазылган бир чөйрөнүн кыймылынын теңдемелери.

(4) теңдемеси - Треска-Сент-Венанттын ийкемдүүлүгүнүн шарты жана "К" га барабар максималдуу тангенциалдык чыңалуусунун туруктуулугун шарттайт.

(5) теңдемеси - бул кыймылдуу чөйрө үчүн бүт шартын көрсөтөт.




1-сүрөт. (5) теңдеменин чечмелениши

(6) теңдемеси кесилген сызыктардын багыты менен дал келген максималдуу жылышуу деформациясынын коэффициентинин багытын көрсөтөт.

$\mu \neq 0$ жана нөлдүк эмес ылдамдык үчүн илешкектүү чөйрөдө Ньютон мыйзамына баш ийип, кошумча чыңалуу системасы пайда болот. $\mu$ - илешкек ийкемдүү массанын коэффициенти. Бул кошумча чыңалуу системасынын компоненттеринин девяторунун жана девятор деформациясынын ылдамдыгынын ортосундагы сызыктуу скалярдык көз карандылыгы көрсөтүлөт:

$$\left.\begin{aligned} X_x^{(2)} &= 2\mu \frac{\partial v_x}{\partial x}; \\ Y_y^{(2)} &= 2\mu \frac{\partial v_y}{\partial y}; \\ X_y^{(2)} &= 2\mu \frac{1}{2}\left(\frac{\partial v_x}{\partial y} + \frac{\partial v_y}{\partial x}\right), \end{aligned}\right\}, \qquad (7)$$

мында $\upsilon$ - координаттардын жана убакыттын функциясы болгон скалярдык көйтүүчү, $p = \frac{X_x + Y_y}{2}$.

Белгисиз идеалдуу ийкемдүү массанын туруксуз кыймылы үчүн төрт белгисиз функцияны киргизебиз: $\chi$, $\beta$, $V_X$, $V_Y$, мында $\beta$ - X огунун оң багыты менен негизги нормалдуу чыңалуу $\sigma_1$ багытынын ортосундагы бурч:

$$\chi = \frac{X_x + Y_y}{2K} = \frac{\sigma_1 + \sigma_2}{2K} = \frac{p}{K}, \qquad (8)$$

$$v_x = v \cdot Cos\alpha; \quad v_y = v \cdot Sin\alpha, \qquad (9)$$

мында α - x огунун оң багыты менен ылдамдык векторлорунун ортосундагы бурч; v - ылдамдык векторунун модулу. Демек, чыңалуу тензорунун компоненттери алынат:

$$\left.\begin{aligned} X_x &= K(\chi + Cos\ 2\beta) \\ Y_y &= K(\chi - Cos\ 2\beta) \\ \chi_y &= K \cdot Sin\ 2\beta \end{aligned}\right\}. \tag{10}$$

Жогоруда чыгарылгандардын негизинде,

$$\left.\begin{aligned} X_x &= p + K \cdot Cos\ 2\beta + 2\mu\frac{\partial v_x}{\partial x}; \\ Y_y &= p - K \cdot Cos\ 2\beta + 2\mu\frac{\partial v_y}{\partial y}; \\ X_y &= K \cdot Sin\ 2\beta + \mu\left(\frac{\partial v_x}{\partial y} + \frac{\partial v_y}{\partial x}\right). \end{aligned}\right\} \tag{11}$$

мында $P$ жана $\beta$ компоненттердин чыңалуу тензорунун жаңы функциялары.

Жылышуу деформациясынын максималдуу ылдамдыгын $H$ аркылуу белгилейбиз

$$H = \sqrt{\left(\frac{\partial v_x}{\partial x} - \frac{\partial v_y}{\partial y}\right)^2 + \left(\frac{\partial v_x}{\partial y} + \frac{\partial v_y}{\partial x}\right)^2}. \tag{12}$$

Чыңалуу тензорлорунун коаксиалдуу күчүн жана деформациясынын ылдамдыгы (6), катышын (11) төмөнкү формада көрсөтсө болот:

$$\left.\begin{aligned} X_x &= p + (K + \mu H)\cdot Cos\ 2\beta; \\ Y_y &= p - (K + \mu H)\cdot Cos\ 2\beta; \\ X_y &+ (K + \mu H)\cdot Sin\ 2\beta. \end{aligned}\right\} \tag{13}$$

(13) катышы теңдемени бирдей канааттандырат

$$\sqrt{\frac{(X_x - Y_y)^2}{4} + X_y^2} = K + \mu \cdot H. \tag{14}$$

ω- ок менен максималдуу негизги деформация ылдамдыгынын багыты $\varepsilon_1$ ортосундагы бурчту белгилеп. Шарты боюнча (6)

$$ß = \omega \pm \frac{\varphi}{2} \tag{15}$$

(15) жана (2) негизинде катыштарын төмөнкүдөй формада алабыз:

$$\left.\begin{aligned} X_x^{(2)} &= \mu H \cdot \cos 2\omega; \\ Y_y^{(2)} &= -\mu H \cdot \cos 2\omega; \\ X_y^{(2)} &= \mu \cdot H \cdot \sin 2\omega, \end{aligned}\right\}, \tag{16}$$

Ошентип, ички сүрүлүүдөн келип чыккан кесилиш сызыктарындагы жылышуу чыңалуу компоненти кадимки чыңалуу $\sigma\ n^{(1)}$ компоненти менен аныкталат жана чапташтыргыч илешкектик каршылык күчтөрүнөн келип чыккан $\sigma\ n^{(2)}$ компонентке көз каранды эмес, анда жалпы нормалдуу чыңалуу:

$$\sigma_n = \sigma_n^{(1)} + \sigma_n^{(2)} \tag{17}$$

